Тиркеме №_________

М.Мамбетов атындагы жалпы

орто билим берүү мектеби

**Маалымдама**

2022-2023-жаңы окуу жылына мектептин китепканасы жаны иш план түзүп, өзүнүн ишин баштады. Окуу күнү башталганга чейин биздин мектептин фондуна жаны 9-класстын «Диндердин өнүгүү тарыхы» окуу китеби жана методика китеби келген. Бул китептин бардыгы окуу китептер фондуна кириштелди.

| № | Китептин аталышы | Классы | Жылы | Саны |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Диндердин өнүгүү тарыхы | 9-кл | 2022-ж | 40 |
| 2. | Методика | 9-кл | 2022-ж | 1 |

Окуу күнү башталгандан тартып бардык мугалимдер жана окуучулар китеп менен камсыз болушкан, бирок, китеп бардыгына толук кандуу жеткен эмес, себеби, китеп жетишсиз.

Класстардын китеп менен камсыз болуу пайызы такталган.

| № | Класс жетекчи | Классы | % |
|---|---|---|---|
| 1 | Батырканова. Ж | 1-а | 98% |
| 2 | Джунушева. Д | 1-б | 100% |
| 3 | Аалиева Д. А | 2-а | 88% |
| 4 | Аалиева Д. З | 2-б | 92% |
| 5 | Солтобаева. Н | 3-а | 92% |
| 6 | Байболова. М | 3-б | 93% |
| 7 | Эркимбек к. А | 4-а | 100% |
| 8 | Сыдыкова. М | 4-б | 100% |
| 9 | Жунусова. А | 5-а | 99% |
| 10 | Шыгаева. Р | 5-б | 99% |
| 11 | Усупова. Г | 6-а | 100% |
| 12 | Берикбаева. А | 6-б | 100% |
| 13 | Исакун у. Ы | 7-а | 92.8% |
| 14 | Токтосунова. А | 7-б | 92.8% |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 15 | Жалилова. Б | 8-а | 92% |
| 16 | Исакбекова. Г | 8-б | 93% |
| 17 | Дүйшөмбиева. М | 9-а | 93% |
| 18 | Абдыисаева. Ы | 9-б | 88% |
| 19 | Сатыбалдиева. Ж | 10 | 83% |
| 20 | Алишерова. Н | 11 | 100% |
| | | | |

Мектеп фондунда жалпы адабий методикалык жана окуу китептеринин жалпы саны төмөндөгүчө.

| Мазмуну | Саны | Суммасы |
|---|---|---|
| Окуу китептери | 5442 | 534413.21с |
| Көркөм адабий китептер | 2092 | 28276.39 |
| Айылдык билим долбоорунан келген китептер | 212 | 17790.82 |
| Методикалык китептер | 342 | 379376.07 |
| «Бирге окуйбуз» долбоорунан келген китептер | 125 | 14575 |
| Демөөрчү А.Эсенбаев тарабынан келген китептер | 904 | |
| Бардыгы | 9117 | 974431.49 |

2019-2020 окуу жылынан баштап «Жаңы китеп» программасына өткөнбүз. Бардык 1-11 класстардын окуу китептерин ушул программага киргизгенбиз бирок, 2021-2022-окуу жылынан баштап кайра «Жаңы китеп» программасына өзгөртүүлөр киргизилип, атайын Каракол шаарынан 3 күндүк окууга барып, окуп келгенбиз. 5-6-класстын 8 китебине аренда төлөшөт. 2021-2022-окуу жылында 7-8-9-класстарга жаңы информатика китеби, 2022-2023-окуу жылында 9-класстын «Диндердин өнүгүү тарыхы» китеби келгендиктен, ушул китепке дагы аренда төлөшөт. Айрым окуучуларга аренданы толук төлөтпөстөн кандайдыр бир жеңилдиктер каралган. Көп балалуу үй бүлөгө, аз камсыз болгон үй бүлөгө, бир үй бүлөдө 4 баладан жогору мектепте окуса, жарым жартылай жетимдерге 50% жеңилдиктер берилген, ал эми томолой жетимдерге, майыптарга 100% женилдиктер каралган. Аренда акысы ар бир китепке 25 сомдон төлөнөт.

Окуу жылынын башында айлык, жылдык иш пландар бекитилген. 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата стенгазеталарды чыгарып, бурч уюштурдук. Октябрь айынын биринчи жумасында « Мугалимдер күнүнө»

карата салтанаттуу линейкада өтүлдү. 12-декабрь «Чынгыз Айтматовдун чыгармаларынан сахналаштыруу» деген темада 5-класстар менен адабий кече өттүм.

15-февраль Ооган согушунун 34 жылдыгына карата ардагерлер менен жолугушуу кечесин өттүк. Кече чакан концерттик программалар менен коштолуп, окуучулар ардагерлерге кызыккан суроолорун беришти. Окуучулар ар кандай көрүнүштөрдү көрсөтүү менен көрүүчүлөрдүн сүймөнчүлүгүнө ээ болду. 28-февральда «Эл аралык эне тил» күнүнө карата 5-8-11-класстын окуучуларынын катышуусунда конференция өттүм. Мектепте окуучулардын китептерин ай сайын текшерүү жүрүп турат. Китептери сыртталбаган, айрылган, барактары чийилген окуучуларга эскертүүлөрдү беребиз. 2022-2023-окуу жылынын бир жарым жылдыгына пландалган иштери аткарылды.

Маалымдама даярдаган китепканачы: Наргиза Султанова.